Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу К. Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясы жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу тарых жана саясий илимдер боюнча илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн уюштурулган Д 07.22.659 диссертациялык кеңештин экспертти саясий илимдеринин доктору, профессор Донbasaев Алим Дононбаевичтин Барыш Ферхаттын 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жазылган "Шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологиялары: салыштырма анализ" деген темадагы саясий илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Барыш Ферхаттын диссертациялык иши ишитин мазмуну жана таризделиши боюнча Д 07.22.659 диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Диссертациялык иште шайлоо алдындагы компаниялардын саясий технологиялары, аны ишке ашыруу процессиндеги ишмердиктери жөнүндөгү диссертациялык изилдөөсү 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортуна жана диссертациялык кеңештин профилине жооп берет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Мамлекетти демократиялык укуктук багытта куруу, граждандык коомдун саясий аң-сезимин калыптандыруу жана саясий маданиятын жогорку деңгээлде өнүктүрүү зарылдыгы акыркы замандын талабына ылайык күнүгө өсүүдө. Саясат, бийлик, саясий система терминдери азыркы коомдук турмуштун ажырагыс бөлүгү болуп калды. Ошол себептен, саясат таануу илиминин учурда теория-практикалык мааниси жогорулоодо. Диссертациялык изилдөө Турция, Кыргызстан, Россия жана айрым Европа өлкөлөрүнүн саясий өнүгүүсүндөгү, демократиялык принциптердин сакталышындагы заманбап саясий технологияларга салыштырма анализ жасалды. Дүйнөдөгү демократиялык саясий партиялардын парламенттик демократияга умтулуу жолундагы шайлоо системасынын жаралуу жана калыптануу процессиндеги XX кылымдын 20-жылдарынан тартып бүгүнкү күнгө чейинки саясий технологияларды колдонуу тарыхы каралса, Кыргыз Республикасынын СССР тарагандан кийинки жаңы калыптануу жолундагы саясий партиялардын жаралуусу жана өнүгүүсү менен бирге саясий технологиялардын

колдонулушу менен каралып, 1990 – жж бүгүнкү күнгө чейинки абалды камтыйт. Мындай актуалдуулук бул маселенин Кыргызстандын чыгыш таануу изилдөөлөрүндө үстөмдөк кылып турган идеологиялык доктриналардын жана субъектизмдин алдында каралбагандыгы менен негизделген. Ушул себептен буга чейинки мамлекеттин тарыхындагы диктатура үстөмдүк кылып турганына карабастан, Туркиянын саясий партияларынын жаралуу тарыхын жана мамлекеттин көп партиялуу түзүлүшүнө өтүү жолун толук турдө көрсөтүп берүү болсо,экинчиден Кыргызстандын саясий партиялары менен болгон окшоштук анализи жүргүзүлөт.

Заманбап мамлекетти демократиялаштыруу процессинин тарыхы өлкөдө саясий бийлик тууралуу маселелер, саясий биримдиктер ортосундагы мамилелер, бардык шайлоо компаниялардын үзгүлтүксүз катарда өтүшү менен тыгыз байланышта болуп аныкталмакчу. Айтып кетчү нерсе, ар бир катардагы жаран ар кандай деңгээлде болсо да шайлоо процессине катышып, өз добушун берет. Мамлекетте бийликти орнотуу шарттарында ал бул добуш берүүчү жарандын кызыкчылыктарынан көз каранды болуп калат. Ошол себептен, саясый күчтөрдүн ар бир добушту өзүнө тартуу технологиялары жана ыкмалары өзгөчө мааниге ээ. Көз карандысыз мамлекет болгондон бери Кыргыз Республикасында шайлоо компаниялардын технологияларынын базасын түзүүдөн баштап, аны шайлоолорду өткөрүү менен практикалык жактан толуктап, катачылыктарды эске алып өркүндөтүү баскычтарына өттү. Ар бир өткөн шайлоо анын алдындагы компанияларда колдонулуучу саясий технологияларды толуктап, өзгөртүп, жаңылатууга түрткү болот. Ошондуктан, бүгүнкү күндөгү Кыргыз Республикасындагы бардык баскычтарда шайлоо алдындагы саясий технологиялардын эволюциясы, алардын үгүттөө учурда жана шайлоо компаниясынын жүрүшүндө ири пайдалануусу шайлоо алдындагы мезгилде колдонгон ыкмаларды жана методикаларды теориялык жактан түшүнүү зарылдыгына алып келет. Бул ишти жазууда көптөгөн илимий материалдардын колдонулуусунун бирден бир илимий жана практикалык мааниси болуп, Түркия менен Кыргызстандын улуттук көз карандысыздыкка болгон күрөшү, өнүгүү процессти тездетүү аракети чоң себептердин бири болду.

**3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыгы.** Барыш Ферхаттын диссертациялык иши боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктар чыгарылган:

1. Кыргызстандын көз карандысыздыкка ээ болушу анын саясий турмушундагы бардык чөйрөлөрдүн, анын ичинде шайлоо системасындагы саясий технологияларды ишке ашырууда АКШ, Европа мамлекеттери, Түркия сыяктуу алыскы чет өлкөлөрдүн саясий тажрыйбалары бир кыйла

роль ойнойт. Илимий изилдөө ишинде айрым жогоруда аталган чет өлкөлөрдөгү шайлоо компанияларды уюштуруунун саясий технологияларындагы айрым артыкчылыктар менен айырымачылыктарга анализ кылынды. Шайлоо мыйзамдарынын ченемдери менен жоболорун салыштырып талдоонун негизинде аталган өлколөрдөгү шайлоо процессин укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү аныкталды.

2. коммуникатор тарабынан коюлган саясий максаттар менен натыйжаларга жетүү үчүн аудиториянын аң-сезими менен жүрүм-турумун манипуляциялоого багытталган саясий маркетингдик (саясий PR, саясий жарнама, имидж түзүү, директ-маркетинг) жана маркетингдик эмес (саясий үгүт, саясий пропаганда) коммуникацияларды шайлоо компаниясын уюштуруу жана өткөрүүнүн бардык стадияларында пайдаланууну талап кылган системалык процесс катары саясий технологиялардын аныктамасы такталган.

3. Постсоветтик өлкөлөрдүн коомдук транформациялануу мезгилиндеги шайлоо системаларына киргизилген саясий технологияларга анализ жасалып, андагы окшоштуктар менен айырмачылыктарга баа берүү менен андагы өзгөчөлүктөр аныкталган. Илимий иште КМШ өлкөлөрүндө шайлоо процессин жөнгө салуучу Электоралдык кодекстин болушу, жарандарды шайлоо жана талапкерлер тууралуу маалыматтык камсыз кылуу жана аларды көзөмөлдөөнүн үстөмдүк кылуучу ролу, шайлоолорду өткөрүү жана шайлоо процессин көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктарды бир нече мамлекеттик ведомстволорго бөлүштүрүп берүүнүн укуктук жактан бекемделгени белгиленген.

4. Кыргызстандагы шайлоо системасы заманбап технологиялардын негизиде мыйзамдык, укуктук документтердин негизинде ишке ашырылат. Шайлоо команияларднын жүрүшүндө талапкердин саясий имиджин түзүүнүн саясий-коммуникативдик технологиялары электораттын кызыкчылыктарын жана азыркы коомдун өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүлсө, шайлоо кампанияларынын натыйжалуулугуна зор таасир этет. Талапкерлер тандап алган имидждик стратегияларга, негизинен, колдонулуучу саясий-коммуникативдик технологиялардын форматы менен мазмунуна анализ кылынды.

5. Кыргызстандын эгемендүүлүк тарыхындагы шайлоо компаниялардын кетирген мүчүлүштүктөрү менен кемчиликтерине анализ жасалып, келечекте заманбап саясий технологиялардын негизинде, укуктук-мыйзамдык чекте, адамдардын шайлоо укутарын сактоо менен шайлоо компанияларын уюуштуруп өткөрүүнү жакшыртуу жолдору белгиленди.

**4. Практикалык мааниси.** Өзүнүн таанып билүүчү баалуулугу менен, маалыматтуулугу менен мамлекеттин саясий жана укук коргоо тарыхы саясаттын калыптануу жолун кабыл алууга алып баруучу таасирдүү курал. Бул изилдөө иши бир гана Кыргызстан менен Түркия мамлекеттеринин саясий укуктарын түшүнүүгө эмес, анын келечектеги өнүгүү жолун көрө билүүгө жардам берет. Изилдөө ишинин жыйынтыктары саясат таануу илиминде шайлоо системаларынын технологияларын изилдөө иштерине салым кошот.

**5. Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын илимий басмада жарыялаган эмгектерде чагылдырышы.** Илимий иштин негиздери жана жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын УИА сунуштаган атайын илимий жыйнактарда, чет элдик рецензияланган журналдарда жана башка илимий жыйнактарда жарыяланган. Илимий иш боюнча жалпы 10 илимий макала жарык көрдү, алардын 5 чет элдик басмаларда чыгарылган, 5 макала РИНЦте катталган басылмаларда жарык көрдү.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна туура келет жана диссертациянын максаты менен милдеттерине ылай изилдөө ишинин мазмуну менен жыйынтыктары авторефераттын текстинде чагылдырылган.

**7. Эскертүү:**

1. Киришүүдө теманын актуалдуулугу толук ачылган эмес. Изилдөөнүн максаты, милдеттери, жана методологиясы так көрсөтүлүшү керек. Илимий жаңылык жана практикалык мааниси да баса белгилениши зарыл.
2. Адабияттар тизмеси талапка ылайык эмес.
3. 1.3. бөлүм: Замандын талаптарына жооп берген изилдөө усулдары. Изилдөө методдору жетиштүү деталдуу жана мисалдар менен бекемделген эмес. Заманбап технологияларды колдонуу мисалдарын көбөйтүү зарыл.
4. 2.2. бөлүм: Жакынкы чет өлкөлөрдүн шайлоо технологиялары. Жакынкы чет өлкөлөрдүн саясий технологияларынын анализи үстүртөн берилген. Ар бир өлкөнүн өзгөчөлүктөрүн тереңирээк изилдеп, алардын шайлоо алдындагы стратегиялары менен Кыргызстандагы тажрыйбаны салыштыруу сунушталат.
5. Жыйынтыктоочу бөлүмдөр (1.4, 2.3, 3.2). Бөлүмдөрдүн жыйынтыктары жалпы мүнөздө. Ар бир бөлүмдүн негизги жыйынтыктарын тактоо жана алардын изилдөөнүн максатына болгон байланышын көрсөтүү зарыл.

**8. Сунуштамалар.** Барыш Ферхаттын 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жазылган “Шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологиялары: салыштырма анализ” деген темадагы саясий илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине:

Жетектөөчү мекеме катары ........ сунушталат.

Расмий оппоненттер катары ...... сунушталат.

**9. Корутунду.** Барыш Ферхаттын 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жазылган “Шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологиялары: салыштырма анализ” деп аталган диссертациялык иши өз алдынча аткарылып, изилденген илимий иш. Диссертация 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортуна жооп берет.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти, берилген материалдарды карап чыгып КР ТИМ К. Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясы жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 07.22.659 диссертациялык кеңешине Барыш Ферхаттын 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жазылган “Шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологиялары: салыштырма анализ” деп аталган диссертациялык ишиин кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
саясий илимдеринин доктору, профессор Дононбаев А. Д.
27.11.2024-ж.

**Эксперттин колун тастыктаймын:**
диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, с.и.д. Джоробекова А. Э.

А. Дононбаевдин колун тастыктаймын
ЖБ нын башчысы Шаршеналиева А.